## ЛИТЕРАТУРА

*УДК:821:82-3(575.2)(04)*
*DOI: 10.35254/bhu/16948130_2021_55_57*

***Билбаева Г.,***
*Департамент науки*
*при МОиН КР,*
*и.о. директора*

# К.АКМАТОВДУН «МЕЗГИЛ» РОМАНЫНДАГЫ КӨРКӨМ ЧЕБЕРЧИЛИГИ

**Кыскача мазмуну**

*Бул макалада К.Акматовдун «Мезгил» романындагы психологизм-көркөм деталын ыктуу пайдалануу менен, ошол замандын кайталангыс образдарын жана кыргыз элинин 20 кылымдын башында өткөн тарыхый окуяларын өзгөчө чеберчилик менен ачып берет. Чыгармада деталдардын бардыгы автор тарабынан абдан аргументтелип, ишенимдүү жана көркөм сүрөттөлгөндүгү менен айырмаланат. Ал жазуучунун чеберчилигинин айкын мисалы. К.Акматовдун чыгармачылыгында көркөм деталын колдонуу чеберчилиги. Көркөм деталь жазуучунун өнөрканасындагы көркөм каражаттарынын бири. Корком деталь чыгарманын мазмунуна жараша бир нече түрлөргө бөлүнөт. Ал жазуучунун көркөм образды, мүнөздү жаратууда айта турган оюн кучотуп, дааналап, белгилүү бир идеялык-көркөмдүк жүк көтөрүп турат. Көркөм каражаттарын негизги кызматы чыгармада жандуу дүйнөнү, көркөм образды жаратуу жана окурманга обьективдуу дүйнөнү таанытуу.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *көркөм детал, көркөм каражаттар, детал-психологизм, роман, психологиялык роман, чеберчилик, кеңири сүрөттөө, символ, көркөм сөз чеберчилиги, конфликт-детал.*

# ХУДОЖЕСТВЕННОЕ МАСТЕРСТВО К. АКМАТОВА В РОМАНЕ «ВРЕМЯ»

**Аннотация**

*В статье автор акцентирует внимание на художественной детали, как одной из важных художественных средств в творческой лаборатории писателя. Указывается, что деталь несет определенную идейно-художественную нагрузку при создании литературных характеров. К. Акматов в романе «Время» виртуозно использует детали-психологизмы в описании исторических событий кыргызского народа в начале 20 века, создав неповторимые художественные образы и характеры той эпохи. Создавая произведение искусства, К.Акматов использует соответствующие художественные средства: метафору, эпитет, метонимию, символы и другие, главная задача которых заключается в том, чтобы создать в произведении живой мир, художественный образ. В творчестве К.Акматова рассматриваются также художественная, конфликтная, портретная, подтекстовая, характерная, психологическая и другие детали.*

***Ключевые слова:*** *художественная деталь, художественные средства, деталь-психологизм, роман, психологи-ческий роман, мастерство, художественная подробность, символ, художественное слово, конфликт-деталь.*

# ARTISTIC MASTERPIECE IN K. AKMATOV'S NOVEL «TIME»

**Abstract**

*The paper is devoted to the research about the art details of K. Akmatov's works as writer. A detail is one of the important artistic tools in creative laboratory of writers. It also gives a certain ideological and artistic information in creation of literary characters. The writer of the novel «Time», K Akmatov has masterfully used the "details-psychologisms" tools in describing the historical events of the Kyrgyzs people in the early 20th century, thus he created the unique artistic images and characters of that Era. The exact and well-argumented details were selected in artistic details, which proves the mastery of the writer.*

***Keywords:*** *art detail, artistic tools, detail-psychologism, novel, psychological novel, mastery, artistic specifics, symbol, artistic word, conflict-detail.*

Көркөм чыгарма жаратууда жазуучу-сүрөтчү тиешелүү көркөм каражаттарын пайдаланат, алар: метафора, эпитет, метонимия, символдор жана башкалар. Алардын негизги кызматы чыгармада жандуу дүйнөнү, көркөм образды жаратуу жана окурманга обьективдүү дүйнөнү таанытуу. Алардын бири — бул корком деталь. Корком деталь чыгарманын мазмунуна жараша бир нече түрлөргө бөлүнөт, алардын бири псхологизм деталына көнүл бурсак [2, 25-б.].

Кыргыз элинин улуу муунга кирип калган көркөм сөз чеберлеринин бири К. Акматовдун «Мезгил» романы өз учурунда адабий коомчулук тарабынан жакшы кабыл алынган, ал кыргыз адабиятынын тарыхынан туруктуу орун ээлеген психологиялык романдын бири. Чыгармада «Прогресс» деп аталган совхоз кандайча уюшулганынан сөз башталат. Көл боюндагы «Долоноту» деген жерге эки жер ченегич келет. Анын бирөө Аламанов Кошой ошол жаңы уюшулуп жаткан совхоздун директору болуп дайындалыптыр. Бала кезинде «ал атасынын күлүктөрүн чаап жүрүп Чүй бооруңдагы жалпы журтка аттын кашкасындай белгилүү «кызыл ооз бала» аталыптыр. Совет чыкканда «атасынын күлүктөрүн кедейлер ортолугуна сала бергенде анын жакшы ата жаман уул» [1, 6-б.] деп шылдыңдап да жүрүптүр. Ошол мезгилдин татаалдыгы төмөнкүдөй таамай деталь аркылуу сүрөттөлөт: «Жаңы заман өлкөнү ташкын суудай каптап, элжурт аптыгып, көбү түшүнгөндү бири түшүнбөй, бири түшүнгөндү көбү түшүнбөй, турмуш көңтөрүлүп ала салып, биринин чамгарагы кулап, экинчиси коломтодо жаңы от тутанып, үчүнчүсү эси кетип энөө болуп турган кез. Эски менен жаңынын ортосунда адашып турган кез» [3, 7-б.]. Мында «мурда чардап жүргөндөрдүн доору бүтүп» дегенди «чамгарагы кулап» деп өтмө мааниде түшүндүрүп, ал эми кедейлер үчүн жагымдуу бийлик келди дегенди «коломтого от тутантып» деп таржымалайт. Бул эки мезгилдин күнү бүтүп, жаңынын доору башталгандыгын туюнткан жакшы деталь…

«Прогресстин» тарыхын ар ким ар башка түшүндүрүшөт экен, бирок, бул келечекте жылкы заводу боло тургандыктан, Кошой алгачкы курулуштардын бири катары ат короого көңүл буруп, жерин ченеп, таш менен белгилептир да, ошол аймакка ошондой ат короо бир жыл ичинде курулуп бүтүптүр. Үй-бүлөсү эсинен чыкпай кыйнала баштаганда Чүйдөн катынбалдарымды көчүрүп келем деген чечимге келип, камынып жатканда бир окуя болот: «Погресс» асыл тукум жылкы заводуна Россиядан таза кандуу эки айгыр жөнөтүлдү деген кабар келип, Кошой баш болгон совхоздун эли бүтүндөй бүлүнүп жатып калды» [1, 11-б]. Романдын түйүндүү көркөм деталынын башталышы ушул. Калган проблемалар эски менен жаңынын күрөшү ошол зоот эки айгырдын айланасына топтолгон.

Эки айгыр көл бетине биринчи из салган алгачкы кеме менен алынып келинген. Бул жакка цивлизациянын оой баштаганын кабарлаган дагы бир деталь. Антпесе Ысык-Көлдө буга чейин мындай окуя эч болгон эмес экен. Жээкке жакын айылдардан «укмушту» көрөбүз деп чогулган эл көп эле. Аскер адамдары ойногон оркестр кулак тундурат. Ошондогу элдин манайы мындайча сүрөттөлгөн: «Долонотунун бою бүтүндөй дүркүрөп, бүтүндөй күңгөй өрөөнү, бүтүндөй Ала-Тоонун ичи толо кыйкырык чууга жаңырып жатты. Бул укмушуң курган окуянын шаңы көкүрөгүнө сыйбай кеткен кээ бирөөлөр көздөрүнө жаш толгончо айкырышып, карап эле турган коңшусун ийнинен жулка «ой, тигини кара, шумдугуң кургур, карачы ой!» дешип, дилгирленип кыйкырып жатышты» [1, 13-б.].

Жаңылыкка кубанган, суктанган калың элдин маанайын төмөндөгү үзүндүдөн да байкасак болот: «Бир топко дүпүлдөтүп жатып, анан араң дегенде токтоду окшойт оркестр. Ошол замат кемедеги күтүп турган эл шар коюп, трапка төгүлдү. Беридеги тосуп тургандар эң адыда келген кеменин капитанын — күмүш кокардалуу көк шапкечен жигитти улам бири кучактай калып өөп, аңгыча делөөрүп антаандашкан тиги тарап, бу тараптын эли сен ким, мен кими жок эле туш келди кучакташып, айкалышып өбүшүп жатып калышты» [1, 13-б.].

Эл жүктөрүн алып, тарап, ар кимиси өз тиричилиги менен алектенип жатканда «кеменин артындагы биржага атайлап чүмкөнүп жасалган паромдун оозу ачылып, андан чоктой болгон бири-биринен айрып алгыс эки чымкый жээрде жылкыны жетелеп чыгып келатышкан экен» [1, 15-б.]. Ал эки айгырга «чиркин» деп суктанган биринчи үндөн кийин ага каршы «эл ичинде турган Бекнияз аттуу кара сур жигит кекээр күңк этти: Шашпа, бу тукум бузарлар Камбар ата тукумун доңуз кылганда анан чиркинди көрөсүңөр!» [3, 16-б.].

Айгырларды жетелеген «шыйрактай узун бойлуу, боюна жараша сөлбүрөгөн кара драп пальто кийген, ийнине арта салган таар баштыгы бар бышалак сары жигит эле» [1, 16-б]. Деталь-портретте анын орус адам экени кийген кийими жана өңү-түсү аркылуу туюнтулду, анткени, 20-жылдардын баш ченинде драп пальто бул аймакка кире элек болчу. Андан ары орустун эмнегедир «чочулагандай түрүнө» да көңүл бурулган. Мында кийинчерээк ачыла турган сыр бар эле. Ат жетелеген адамга «ыңгыранып жол бошотуп, көпчүлүк ичинде бул көрүнүштү, өзгөчө зоот айгырлардын келгенине жетине албай барбалактаган Кошойду жактыргандар да, жактырбагандар да болду» [2, 16-б].

Мына ошентип, прологдо эки жаңылыкка эки башка мамиле байкалды. Көпчүлүк көлгө алгачкы келген пароходго тегиз сүйүнсө, эки айгырга андай бир ыңгайдагы реакция байкалган жок. Бирөөлөр айгырларга суктана таңыркаша карашса, экинчилери аны сөгүп турду. Конфликт-деталдын башаты белгилүү болду. «Прогрессте» он беш чакты адам иштейт: Кошой (директору), Красин (ат баккыч), Ажы Шатман (ат короонун күзөтчүсү), анын «тикенектей тик өздүү» байбичеси Кызтуубас, Шеркул деген жылкычы жигит, Айжамал аттуу ашпозчу келин ж.б. «Бирок, булардын кошойдон башкасынын баары аркы өйүздөгү Долоноту айылына жек көрүнчү атанып «элден-журттан бөлүнүп запкозго өтүп кетти» делген адамдар [5, 17-б.].

Ушулардын ичинен айрымдарынын портреттик деталдары мындайча тартылат: «Ажы» деген аттан айлансын! Шатман ажы эмес эле каракчы! — дешти жаны күйгөн кемпир-кезектер. Шатмандын илгери жаш кезинде ажыга барып келери менен каракчы атанганын эстешип. Совхозго өткөндөн бери Шатман ошентип

кайрадан каракчы Шатман атанган болчу. Анын тик көз, сары чийкил кемпири жөнүндө болсо эч ким «абу» деп кеп-сөз кылган жок, анткени, Кызтуубас мисирейип кишини таамай караганы менен өзү оозунда лам деген сөзү жок Шатмандын көлөкөсү сыяктуу жанынан бир карыш чыкпай дабышсыз жүрө берген, бирок, эл касиеттүү деп ыйбаа кылган жоош кемпир эле» [6, 17-б.].

«Прогрессчилер» ошол кемени жана зоот айгырларды тоскон күнү кужулдөтө таруу көжө кайнатышып, кечке майрамдашты. Кечинде эл тараганда конок алуу расмиси боюнча кезек Шатман ажыга келген экен. Красин ошонукуна бармак болду. Аны биринчи көрүшүндөгү кемпирдин портрет-деталы сырдуу мүнөздө берилген: «Качыр-кучур каалга ачылып, чоочун киши кирип келгенде, үлпөткө барбай калып, кечтен бери үйүндө жалгыз отурган Кызтуубас «ай!» деп чоочуп кое таштады. Босогосуна кирген адамды байбичеси мынчалык суз тосконун Ажы Шатман мурда көргөн эмес эле. Адатта, бейтааныш кишини бир азга селейе карап алып, анан «мен куруюн» деп бүлүнүп калчу. Бул сапар каны ичине тартып, сустайды да калды» [1, 20-б.].

Зейнеп Долонотудан атасы Шатман ажынын совхоздогу үйүнө көчүп келип, Кошойдун тапшырмасы боюнча өзү бир ай окуп, кат сабатын ачып, анан үйүндө балдарга арип таанытып жүргөн. Бир күнү атасы түрмөдөн чыгып, эч кимге айтпай эле чоң жолдон жалгыз аяк чаң жолго бурулуп, Абышка келатканын балдар көрө калышат да, аны көздөй чуркашкат. Зейнеп да алардын ичинде: «Адеп кучагына жыгылган небересин көкүрөгүнөн жыттап, анан балдардын бардыгын бирден өөп чыкты Шатман. Зейнепке жеткен кезде ал көзүнүн кычыктарынан сызыла түшкөн жашын ала качып, тескери карап кетти» [1, 120-б.].

Түндөсү Шатман ажыга учурашабыз деп, Кошой менен Красин келип кетишет: Орустан коркуп, үрккөн сыяктуу эле Зейнеп качып жүргөн. Өзүнүн турмушундагы арманды айтайын, түшүндүрөйүн деп баласы Күлчорону да арага салып көргөн. Эми Шатманга байланыштуу кирип калган кездеги Красиндин маанайы мындай деталь менен сүрөттөлөт: «Зейнеп кармаган чырактын үлп эткен жандуу жарыгы денесине жумшак тийип турганга анын көңүлү опсуз удургуп жатты. Сыйкырдуу жарык анын туюм-сезимдерин бүтүндөй бийлеп, адамдын деми сыяктуу дене боюн жылытып тургансыды» [1, 123-б.].

Зейнепте жарыктын жылуулугундай анча-мынча мээрим барбы, жокпу, азырынча белгисиз, бирок, Красин ошондой туюп-сезди. Шатман Күлчородон Бекнияз жөнүндө сурайт: «Келип-кетип турдубу?» дейт. Бала мукактанып жооп бере албайт. Анда Шатман «Күлчоро жердигинде жаман жигит эмес эле» деп, жооткотуп бирдеме айтымыш болот. Бала болсо тирүү туруп атасынан ажыраганына кайгырат, анын үстүнө теңтуштары аны атаң «качкын» деп шылдыңдашат, ыза кылышат. Чоң ата менен небере көл жээктеп жүрүп, сугатка келген аргын кулундарды көрдү. Ошол тушта Күлчоро таятасына «Күкүк-Зейнеп» деген күүнү чоордо ойноп берип жаткан.

Шатмандын ичинде Зейнепке таарынычы бар эле: «Асырап баккан кызыма боорго тептирип, карыганда нетемин? Эрин калкалап, эч нерсе билмексен болуп кала бербедиби. Айыпсыз өгөй атадан айыптуу өз эрим кашымда турсун дебедиби. Калыстык кылбадың кызым, калыстык кылбадың!» [1, 127-б.]. А бирок, атты өлтүргөн Бекнияз экенин билген Зейнеп ага кантип каршы чыкмак. Балким ошол тушта эл жерип жаткан зоот айгырды Зейнеп деле ичинен жаратпай жүргөндүр. Анын үстүнө күйөөсүнүн кыялын билет, бетине чыкса, өлтүрүп коюудан деле кайра тартпас. Шатман ажы ушулардын бардыгына акыл тегеретип көрсө, балким, кызына таарынбас беле?! Красин Күлчорону ат чапкыч (жокей) кылганга апасы Зейнепти көндүрө албай коюп, эми Шатманга даттанат. Анан көл жээгине айгырды ойнотуп келген Красин Шатман менен Күлчорого жолугуп, ошондо биринчи жолу Күлчоро Силачка жайдак минет. Бул 1937-жыл эле.

Силач менен Арча торуну стадиондо (ат майданында) жөн эле тамашага салып жарыштыра кетсе, орустун аты бута атым артта калган имиш. Бул кабар сарайда пилораманы иштетип, сынап жүргөн Кошойго жетет: «Мындай кашаңдын тукумун жергебизге жайылтып эмне кылабыз!» деген наразылык сөздөр чыгып жатты эл арасынан.

Бул кабар кантондук комитетке чейин жетип, ал жактан айгырды жарышка салганга ким уруксат берди деген мазмундагы катты алган Кошой, Красин экөө Күлчорого келип, иштин жөн-жайын сураштырды. Күлчоро жөн эле «кел жарышалы» деген үчүн балалык кылып койгонун айтты. Жетекчилик Силач менен Арча торуну Октябрь майрамында кайра чаап, элдин ишенимине кирүү керек деген чечимге келишти.

Ошентип, эки аттын жарышы (мелдеши) эски менен жаңынын ортосундагы күрөштү түшүндүргөн эң маанилүү көркөм деталга айланып, ал романдын негизги идеялык-эстетикалык концепциясын көтөрүп турат. Күлчоро Силачка абдан ынак болуп, Красин экөө аны таптоо менен алектенип жүрөт. Кээде отуруп сүйлөшө калышканда Емельян айтат: «–Сен түшүнбөйсүң, Күлчоро. Мага да сендей бала керек. Ал жаш чайган көзүн баладан ала качып. Күлчоро ат үстүндө «айгыр зоң-зоң этип желген сайын как ээрге өйдө-ылдый сүрүлө берип, анын жука такымдары кызыл жоор болуп кеткен. Силачтын үстүндөгү үртүгүнөн буу булоолонуп, чаты ылдый ак көбүк кетмейинче айдаганы айдаган. Силач эми катуу эреже менен тапталып жатты» [1, 134-б.].

Күлчоро эс тартып чоңоюп, эрезеге жеткенсип, кандайдыр бир туюкта эркектик сезим козголо баштаганы Гүлзада деген жаш келин менен «Жоолук таштамай» оюнунда таанышкан кезинен башталат. Оюнда жеңилип калган Күлчорого штраф-доо катары келин чоор тартып берсаин деген талап коет. Ошондо чоорун алып келиш үчүн үйгө чуркап барып, чуркап келгенче эси оойт. Бирок, учуру өтүп кеткен соң анын алып келген чоорун эч ким этибарга албайт, Гүлзада да оюн учурундагыдай ага жакындоого шылтоо таппай калат: «Гүлзаадага сугун артып, балалыктын кучтүү кумарына мас болуп жүрдү Күлчоро ошол аралыкта» [141-бе]). Жаш каармандын чоорго дилгирленип, сонун күүлөрдү безелентип сайратышы «Кош теректеги» боз чымчыктын сайрашы менен катар коюлуп, подтексттик-деталдык милдет аткарат: «Боз чымчык болсо же көзгө көрүнбөйт, кай теректин башында, кай бутакта отурганы да билинбейт. Болгону — таң безере сайраган үнү. Эгер зирек тыңшап уккан адам бул чымчыктын ыры адамдардын ырына окшош

экенин, анын үнү не комуздун, не чоордун миң бир түрдүү кайрыктарына окшош экенин балким туяр беле? Балким, анын ошо кош теректин, Долонотунун, күңгөйдүн, бүтүндөй Ала-Тоонун шыңгыр үндөрүн чогултуп, таңдайына эритип ырдап жүргөнүн баамдар беле? Бул чымчык тим эле түн уйкусу бузулуп чочуган бир киш чоочуган бир куш эмес экенин билер беле? Ошол киши боз чымчыктын адамдардын көкүрөк черинен бүткөн алдагандай жан экенин таанып беле?..» [1, 141–142-б.].

Күлчорого бүткөн талант, балким, ошол боз чымчыктыкы сыңары өз жеринин табиятынан, сүйүүсүнөн улам келип чыккан керемет күүлөр бекен?! Боз чымчык мекендеген Кош терек жаштардын көңүл ачуучу жайына айланды. Ал жерге чымчыктын сайраганын угуп, жаштардын зоогун көрөбүз деп кээде карылар да келишет. Бир жолу Красин да Силачты минип, бул жакка бурулуп калган эле. Анан ал «Кирковяк» деген күүнү чоордо ойнотуп, атын бийлетип, аягында Зейнептин алдына алып келип, бутун бүктүрүп жүгүнтөт. Элдин баары таңгалат. Бирок, Зейнеп эмнегедир ызаланып, уулун ээрчитип, ал жерден кетип калат. Күлчоро ичинен капа болуп келатты: «Апасы дайыма Красинден оолактап качып жүргөнүн ал билчү. Бирок, тигинтип акылдуу атын бийлетип, алдына жүгүнтүп жатканда эмне үчүн ачууланат? Жок дегенде эл менен кошо тим эле күлүп койсо эмне?» [3, 144-б.]. Апасы Айжамал ашпозчу менен Красин тууралуу бирдемелерди сүйлөшүп, анан боорун тытып күлүп калганын байкап жүрчү да, өзүнчө «апасы Красинге анчалык деле ачуулу эмес экенин ичинен туюп жүрчү» [4, 144-б.]. Күлчоро Красин үйгө келип турса, Зейнеп аларга куурма чай жасап берсе, анан алар ичип алып стадионго ат ойнотконго кетсе деп ойлойт, бирок, ал тилеги бүгүнкүдөй болуп ишке ашпай келет.

Атты бир километр аралыкка чабышта Арча тоору дагы биринчи келип: «Ошондон тарта Арча тору «Прогресстин» эң каардуу душманына айланды. Ошол сааттан баштап тоо-тоолоп, жаңыга моюн сунбай мойноп жүргөн бир топтордун көтөргөн байрагы болуп, алардын колундагы жаңы заманга каршы шилтенген саясий куралы болду. Ошентип, жаратылыш-табияттын эки асылы Силач менен Арча торунун эч айыпсыз жарышын адамдар бири-бирине каршы ырайымсыз күрөшкө айландырып алышты» [1, 151-б.]. Мына эми эки айбан малдын кадимки эле айыпсыз жарышынан эки башка көз караш — эски менен жаңынын күрөшү ачыкка чыкты. Мында Силач менен Арча тору эки башка позициядагы адамдардын маанайын туюндуруучу символ-подтекст деталга айланды.

Кошой совнаркомдун буйругу менен кызматтан алынды. Муну сезип жүрчү, анткени, канткомдун секретары аны бир жолу бюродо катуу сындаган. Кошойду ал мурда мактап жүрчү. Демек, бул жолу ал башка бирөөнүн сөзүн сүйлөп жаткандай сезилди ага. Райкомдун катчысы келип, Кошойдун ордуна совхоздун директору кылып Сатылганов Орозбай дегенди дайындаган буйрукту окуду. Жапжакшынакай иштеп жаткан адамды ошентип негизсиз иштен алышты. Мындай жорук совет доорунда боло келген. Көрсө түбүнөн эмес, орто жолдогулар туура эмес кабар жеткиришип, анан ошондой адилетсиздиктер да кездеше калчу. Бирок, «ак ийилет, бирок, сынбайт» деген накыл сөз совет коомуна туура келет. Акыр түбү адилеттик жеңип келген. Красин Кошойдун иштен алынганына өтө капа болуп, Балыкчыга, Фрунзеге чейин келип, көп эшикти аттады, бирок, эч нерсе чыгара албады. Андан көрө алиги атанган даңазалуу ат менен дагы бир жолу беттешкенге даярдангыла деп сооротуп коюшту.

Кошойдун жаны жаралуу болуп жүргөндө тажаал катыны Фатиманын да жаагы басылбайт, улам кычык сүйлөп, анын жинине тиет: «Катын-балаңы бир карабай сабап иштечү элең, кана эми ошонуңду билип койгон ким бар, телтейип талаада калдың». «Сокуюп кимди күтүп отурасың? Эрте жарыкта келген жагыбызга көчүп кетели, унаа тап же сени бирөө барктап алдыңа келе калат бекен!» деп Кошойдун жүрөгүн мыкчып-мыкчып салып, анан өзү көзүнүн жашын төгүп жатып калчу» [1, 173-б.]. Бул Фатима окшогон аялдар үчүн өтө мүнөздүү деталь. Өзү канаты кайрылып, ак жеринен күйүп отурган эрин жөлөп-таяп, колдоонун ордуна ого бетер кырына чыгып тепсеген зулум, долу шүмшүк катындар далай эр-азаматтардын мээсин жеп, о дүйнөгө узатты го! Кошой бир топ күн отурду да «Прогресске» жылкычы болуп алды. Балдарына бул кызмат абдан жакты, апасынын Чүйгө кетебиз деген сөзүнө бирөө да кулак салган жок. Бирок, директор Кошойду төрт комнаталуу үйдөн эки комнаталуу үйгө көчүргөн кезде аялы жүктөрүн Чүйдү көздөй алып кетип калган. Кошой бул жакта калды, бирок, санаа чегип аябай жүдөгөн, өңдөн азган.

Сатылганов деген директору «бөрк ал десе баш алган» неме экен. Кош теректе көңүл ачып жаткандарга түндөсү келип «жалаң эски ырлдарды ырдайт экенсиңер» деп, зооктогуларды кууп таратып, ошол жерде жүргөн Күлчоро да камчы жеди. Аны «тукуму бузук» деп тилдеди. Зейнеп баласын издеп келген го, аны көрүп «сен совхозго зыянкечсиң» деп опузалады. Анан кимдир бирөө анын атын үркүтүп жиберип, ал кулап түшөт, бети-башы сыйрылат. Сатылганов тура калып, селкинчектеги кыл аркандарды макиси менен кескилейт. Эртеси кош теректи кыйдырат. Зейнепти иштен алат (ал мугалим болчу). Сатылганов диктатор-террористтердин тибин элестетет. Теректе жашап, тукум өстүрүп жүргөн боз чымчык чырылдаса, анын жини келет: «Эч пайдасыз ушундай жапайы немелерди бүтүндөй кырып таштасак кана? Зыяндан башка пайдасы жок булардын!» [183-бет]. Демек, ал адмдардын эле эмес, табияттын да душманы.

Директор оюн-зоокту жек көрчү. Жигит кезинде жоро-бозого барып, ыр кесе келсе, ырдын ордуна мөөрөп берип кутулчу экен. Комуз черткен жерге барса, коңурук тартып уктап калчу дешет. Теректерди кыркып бүткөндөн кийин анын бирөөндөгү боз чымчыктын уясын бузуп, жумурткаларын чөнтөгүнө салып кетет. Боз чымчык анын артынан учуп үйүнө чейин келет. Ошондо Сатылганов бир «селт» этип, «душманын көргөнсүп» чочуйт.

Кошой менен Сатылгановдун карама-каршылыгы күч алып, акыры аны каматып түрмөгө салат. «Совет чарбасына каршы иш жүргүзүп, «Прогресс» совхозунун тамырына балта чаап «жаткандыгы» үчүн деген айып тагылат. Демек, бул окуялар 1937-жылдын оор мезгилдин элесин берген деталдар болуп эсептелинет [4, 17-б.]. Ал заманда Кошой өңдүү ак жүрөк активисттер ошондой адилетсиздиктерге көп дуушарланышкан. Красин Сатылгановду элге жат адам деп бетине чыгып,

бир жолу аны «иуда» деп көзүнө айтты. Ал Кошойду каматканы үчүн абдан жек көрүп, аны менен ыркы келбей жүрдү. Емельян Зейнеп менен бирге түнөп жүргөнүн Шатман ажы билип, экөөнү тең катуу жектейт. Бир жолу Күлчорону колунан бек кармап, эшикке чыгып Бекнияз атам тирүү деп кыйкыр деп кыйнайт. Бул анын Зейнепти айыптаганы эле. Шатман Фрунзедеги чоң ат чабышка небересин жибербей, Емельянга жинденип жаткан кезде «Күлчоро эшикке атып чыгат да:

— Мен кеттим таята! Өзүм кеттим. Кош! деди бала качып баратып эчкирип ыйлап» [1, 200-бет]. Ошондо ажы Шатман бүк түшүп кала берди. Баланын Бекнияздан качышы анын чыныгы эл душманы экенине көзү жеткенден кийин болот. Көрсө Красинди жектей турган негиз жок экен. Ал адамдарга пайдалуу жумуш жасоо үчүн алыскы Россиядан атайын келип отурат. Күлчоронун көзү ушуга толук жетет. Демек, жаңынын жеңишин далилдеген бир мүнөздүү деталь ушул экен. [5, 22-б.]

«Мезгил» деген чыгармага коюлган символдук-подтексттик мазмун ушундайча чечмеленет. Бекнияз эски Мезгилди коргойм деп чоң жаңылыштык кетирди, анткени, жаңы келген Мезгил элдик болчу. Ал ошолордун колдоосуна ээ болгон, ошондуктан анын жолу түз болчу. Красин жаңы Мезгил үчүн жан аябай кызмат кылып, ошонун курманы болду. Бекнияз бир кишини атты, бирок, мезгилдин алга жылышын токтото алмак эмес. Шатман ажы деле Бекнияз камчысын мойнуна салып, кечирим сурап келсе, жаңы Мезгил жазаламак, бирок, ошону менен күнөөсү жуулмак деп ойлоп жүргөн. Ал ага барган жок. Акырында жаңы Мезгилдин жактоочусу баласы да атасынан баш тартып, бетин карабай качып жөнөдү. Бекнияз каарданган боюнча калды, бирок, анын күнү эчак бүткөн.

Романдын финалдык деталынын мааниси мында: жылкыдан жаңы аргын тукум алынды, Красинден да тукум калды, демек, анын кыргыз жерине жылкынын жаңы тукумун таратуудагы аты өчпөйт, анткени, ал тукум өзүнүн турмушка жарамдуулугун толук далилдеди. Мезгил дагы алга жылат. Ошондо учурдагы көп оош-кыйыштар жолго коюлат. Кара ниет, жанбакты Сатылганов окшогондор Мезгилдин жолунан алынып ташталат, кошой сыяктуу ак ниет адамдар кайра келип, Мезгилдин даңгыр жолуна түшүп, адилет ишин андан ары улантат. Романды окуп бүткөндөн кийин мына ушундай логикалык корутунду чыгат, анткени, ага ылайыктуу көп психологиялык деталдар берилген. Алсак, Сатылгановдун өзүнчө тирдик кылып жүргөн бир боз чымчык менен кармашуусу эмне деген келесоолук. Ак ниет адамдарды, табиятты (оюн зооктун очогу болгон «Кош терек» мазарын кыйдырганы) ушунчалык жек көргөн адамды Мезгил өзү жазалайт [6, 79-б.]. Ансыз да «боз чымчык» анын жан-дүйнөсүнө кирип алып, аны кыйнап, азабын берип жүрөт.

Жыйынтыктап айтканда, «Мезгил» романы психологиялык деталдарга өтө бай. Мына ошолорду ыктуу колдонуунун негизинде чыгарманын көлөмү чакан, бирок, мазмуну терең [7, 151-б.]. Эгерде психологиялык деталдарды кайра бир сыйра санай турган болсок, алар төмөнкүлөр:

1. Жазуучу көркөм сөз устаты. Ал мазмун жактан да, формасы боюнча да изденүүгө тийиш. Мында өзгөчө көркөм деталь маселеси бирден — бир маанилүү орунда турат.

2. Зоот айгырдын бирөөнүн өлтүрүлүшү — эски менен жаңынын күрөшүнүн символу.

3. Ээн талаага «Прогресс» деген совхозду уюштурам деп жүрүп, Кошойдун Чүйдө калган үй-бүлөсүн бир жыл бою көчүрүп алууга чамасы келбегендиги жаңы коомду куруудагы жаңы адамдардын кужүрмөн эмгегин типтештирген деталь.

4. Силачтан жаңы тукум алуунун башталышы жаңынын өтө оор кыйынчылыктар менен алга жылышынын далили.

5. Силачтын ат жарышта үч жолу жеңилип, төртүнчүсүндө чыгып келиши жаңынын салтанаттай башташынын бир көрүнүшү.

6. Красиндин Бекнияз тарабынан атылышы — жаңы коомду куруудагы жоготууларды элестеткен дагы бир деталь.

7. Күлчоронун Бекниязга жолобой качышы–жаңы муундун өкүлүнүн коомдук өнүгүүнү, б. а. жаңы Мезгилдин маанисин туура түшүнгөндүгүнүн далили.

Мына ушул деталдардын бардыгы автор тарабынан абдан аргументтелип, ишенимдүү жана көркөм сүрөттөлгөндүгү менен айырмаланат. Ал жазуучунун чеберчилигинин айкын мисалы.

***Адабияттар***


1. *Акматов К. Мезгил / К. Акматов. — Ф.: Кыргызстан, 1979. — 228-б.*
2. *Горький М. О литературе / М. Горький. — М.: СП, 1953. — 326–327 с.*
3. *Гапаров М. Кара-Көлдүн каздары / М. Гапаров. — Ф.: Мектеп, 1973. — 75–76-б.*
4. *Добин Е. В. Искусство детали / Е. В. Добин. — М: 1979. — 126 с.*
5. *Добин Е. С. Сюжет и действительность. Искусство детали / Е. С. Добин. — Л., 1985. — 211с.*
6. *МурзахмедоваГ. М. Типология художественного вымысла / Г. М. Мурзахмедова // Социальные и гуманитарные науки. — 2009. — № 1. — 368 с.*
7. *Обозканов А. Жазуучунун көркөм дүйнөсү /А.Обозканов // Вестник БГУ им.К.Карасаева. – 2007. – №1. – С.148-153.*